**Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин 2022-жылдын 26-майында болуп өткөн бүтүрүүчүлөр менен жолугушуусунун протоколу**

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

Катышканы – 20

**Күн тартиби:**

1. Бүтүрүүчүлөрдөн анкета алуу
2. Бүтүрүүчүлөрдүн сунуш-пикирин угуу

**Угулду:**

Жыйындын төрагасы, доцент Н.Турганбаев – Саламатсыңарбы, бүтүрүүчүлөр? Мына силер да окууну бүтүп, бизге кесиптеш болуп калдыңар. Университетти бүтүп, өз жон териңер менен сезип, эмнеден кыйналдыңар, эмнеге карата сунуш-пикирлериңер бар, ошону талкуулоо максатында бүгүн жыйналып отурабыз. Азыр силерге жалпы анкета таратылып берилет. Анкетадагы суроолорго так, тартынбай, толук жооп беришиңерди суранат элем. Анткени силердин берген жоопторуңар биздин кийинки окуу-методикалык иштерибиз үчүн, факультеттин өнүгүшү үчүн салым кошот.

Жалпы студенттерге анкета таратылып берилет.

**Сөзго чыккандар**:

Мамадалиева Анара – Саламатсыздарбы? Мен бүгүнкү күндө Жалал-Абад шаарында ЖЭИИде иштеп жатам. Кыргыз жана түрк тилдерин салыштырып изилдөөдө кошумча түрк тили кошулуп өтүлсө жакшы болмок. Ошондой эле тексттерин түрдүү типтерин оңдоп-түзөөдө, которууда кыйынчылыктарды жоюу максатында ушуга багытталган предметтер киргизилсе жакшы болмок. Анткени филология багытын бүткөн бардык магистрлер билим берүү тармагына эмес, газета-журналдарга, ММК тармагына көбүрөөк тартылышы мүмкүн.

Алтынбек к. Айзирек – Саламатсыздарбы, агай-эжекелер? Бүгүнкү жолугушууга катышып жатканыма аябай кубанычтамын. Бүгүнкү күндө кыргыз филологиясы жана журналистика факультетин бүткөн магистрлер түрдүү окуу жайларда, билим берүү мекемелерде иштеп жатышат. Биз дайыма факультеттин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү катары факультет жөнүндө, окуткан окутуучуларыбыз жөнүндө жакшы пикирлерди айтып келебиз. Сунуш катары туура жазууга көбүрөөк көңүл бурулса, себеби биз, мугалим катары, каталарга жол бербешибиз керек.

Тагайбек к. Айтурган – Мен да факультеттин бүтүрүүчүсү катары бир-эки ооз сөз айткым келип жатат. Сунуш катары кабыл алсаңыздар да болот. Көбүнчө кээ бир

предметтерди тереңдетип окутуу зарылдыгын, же атайын дисциплина катары окуу планга киргизүү керек экендигин айткым келип жатат. Анткени мен мектепте иштеп жатып, ошол билимди терең албагандыгымды сездим. Мисалы, адабият сабагында бир гана кыргыз адабияты менен гана чектелип калбастан, дүйнөлүк адабият менен да таанышып, бүгүнкү күндөгү окуучуларга тааныштырсак жакшы болмок. Себеби азыркы окуучулардын дүйнө таанымы, көз карашы баари бир башкача. Ошондой эле баарлашуу чөйрөсүндөгү маселелерди коюууга, чечүүгө даяр болуп, замандын талабына ылайык компетенттүү болушубуз керек.

Жыйындын негизинде жалпы катышуучулардын пикири эске алынып, төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1**. Бүтүрүүчүлөрдүн жолугушуусу канааттандырарлык деп табылсын.

**2**. Бүтүрүүчүлөрдү төмөнкү сунуштары эске алынсын:

1) тексттердин түрдүү типтерин оңдоо, түзөө, которуу стилдик каталарга жол бербөө зарыл;
2) баарлашуу чөйрөсүндөгү маселелерди коюуга, чечүүгө даяр болуу;
3) нормага ылайык туура жазууну камсыз кылуу

**3.**Айтылган сунуш-пикирлер факультеттин Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Төрага: Турганбаев Н.

Катчы: Заирова Н.

**Көчүрмө анык.**

Катчы: Заирова Н.

26-май, 2022-жыл